**БЕКИТЕМИН**
Эл аралык Кувейт
университетинин ректору,
п.и.д., доцент А.Э. Байсеркеев
____________________
«__»  ____________

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «**Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы**» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын кеңейтилген отурумунун 2025-жылдын 24- январындагы протоколунун

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:**

1. Машанова А.С. – отурумдун төрайымы, п.и.к., Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын башчысы.
2. Байсеркеев А.Э. – п.и.д., доцент, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика).
3. Бабаев Д.Б. – п.и.д., профессор, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.
4. Калдыбаев С.К. – п.и.д., профессор, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.
5. Раимкулова А.С. – п.и.д., профессор, 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.
6. Камалова Г.Б. – п.и.д., доцент, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу).
7. Федорова Г.А. – п.и.д., доцент, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу).
8. Умарова М.У. – э.и.д., доцент, К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Колдонмо информатика жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы.
9. Джаркимбаева Ч.Т. – п.и.к., доцент Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доценти.

10. Исакова Ж.Ж. – п.и.к., доцент, Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доценти.

11. Зулпуева К.А. – п.и.к., Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доцентинин м.а.

12. Сейдекулова К.С. – п.и.к., доцент, Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доценти.

13. Омурзакова Ч.Ш. – п.и.к., доцент, К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Колдонмо информатика жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын доценти.

14. Курманалиева Р.А. – ага окутуучу, Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын ага окутуучусу.

15. Сарыбаева С.А. ага окутуучу, Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын ага окутуучусу.

16. Четин Н.З. – ага окутуучу, К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Колдонмо информатика жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын ага окутуучусу.

17. Камбаралиев У.Ш. – ага окутуучу, Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын ага окутуучусу.

18. Назаралиева Д.О. – ага окутуучу, Эл аралык Кувейт университетинин Эл аралык мамилелер кафедрасынын ага окутуучусу.

**Отурумдун төрайымы:** Машанова Айнура Сапарбаевна –педагогика илимдеринин кандидаты, кафедра башчысы.

**Отурумдун катчысы:** Сарыбаева С.А – Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын ага окутуучусу.

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «**Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы**» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Диссертациялык иш** Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасында аткарылган.

**Илимий консультант:** Калдыбаев Салидин Кадыркулович педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**

**1.** Камалова Г.Б. – п.и.д., доцент, Казахстан Республикасы, Алматы шаары, Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу кафедрасынын профессору.

**2.** Федорова Г.А. – п.и.д., Омск педагогикалык университетинин “Информатика жана информатикага окутуунун методикасы” кафедрасынын профессору.

**УГУЛДУ:**

**Отурумдун төрайымы:** Урматтуу жыйындын катышуучулары! Биз бүгүн Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деп аталган, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча диссертациялык ишин аткарылган жеринде талкуулайбыз.

Катышуу баракчасына ылайык жалпы – 18 мүчө катышып жатат, анын ичинен онлайн катышкандары – 2. Демек, талкууну баштасак болот.

Биринчи сөз Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин өздүк мүнөздөмөсү, иштеген иши жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берүү үчүн сөз катчыга, Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын ага окутуучусу Сарыбаева С.А.га уруксаат берилет.

**Сарыбаева С.А.:**

Аты-жөнү: **Ибраев Алмазбек Дүйшөкович.**

Туулган жылы: **1978**

Иш стажысы: **28 жыл**

Билими: **жогору**

Аспирантурада окугандыгы тууралуу маалымат: **изденүүчү.**

Илимий консультанты жөнүндө: Калдыбаев Салидин Кадыркулович п.и.д., профессор, Эл аралык Ала-Тоо университетинин проректору болуп иштейт.

Изилдөө темасынын бекитилгендиги: Изилдөө темасы алгач 2015-жылдын 26-майында, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинде бекитилген. Кийин иштеген жери боюнча Эл аралык Кувейт университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №3 протоколунун негизинде кайра бекитилген.

Изилдөө темасынын аталышы: Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы.

Изденүүчүнүн диссертациялык иштин мазмунун камтыган илимий макалалары, окуу-методикалык куралдары, колдонмолору, монографиялары жарык көргөн. Алардын жалпы саны: 49.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин өздүк делосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын (КР УАК) талабына ылайык төмөнкү документтер тиркелет: диссертациялык иши, анын авторефераты, жарыяланган илимий эмгектеринин тизмеси, илимий темасын жана илимий консультантын бекиткендиги тууралуу буйруктун көчүрмөсү, Эл аралык Кувейт университетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын протоколунун көчүрмөсү, илимий консультант п.и.д., профессор С. К.

Калдыбаевдин диссертациялык ишке пикири. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча п.и.д., доцент Г.Д. Камолова жана 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча п.и.д., доцент Г.А. Федорованын пикирлери тиркелет.

Демек, изденүүчүнүн документтери талапка ылайык даярдалган.

Көнүл бурганыңыздарга рахмат!

**Отурумдун төрайымы:** Анда диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары жөнүндө кыскача айтып берүү үчүн сөз изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичке берилет.

**Ибраев Алмазбек Дүйшөкович:** Урматтуу төрайым, отрумдун катышуучулары!

Биздин диссертациялык изилдөөбүз «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деп аталып.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Акыркы жылдарда маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын тез өнүгүшү окуу процессин уюштурууга болгон мамилени олуттуу өзгөртүүгө алып келүүдө. Дистанттык билим берүү географиялык жайгашуусуна, убакытына жана физикалык чектөөлөрүнө карабастан билим алууга мүмкүнчүлүк берүүчү билим берүү системасынын маанилүү компоненти болуп калды. Дистанттык билим берүүнүн теориясын жана практикасын изилдөөнүн актуалдуулугу санариптештирүү, ааламдашуу жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр менен байланышкан жаңы чакырыктарга билим берүү системасын адаптациялоо зарылдыгы менен шартталган. Заманбап шарттарда дистанттык технологиялар кеңири аудитория үчүн окутуу мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, алардын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн илимий жактан негизделген ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылат.

**Биринчи муктаждык – социалдык-мамлекеттик.** Дистанттык билим берүүнүн теориясы менен практикасын изилдөө дистанттык билим берүүнүн иштөө механизмдерин жакшыраак түшүнүүгө, анын артыкчылыктарын, чектөөлөрүн жана өнүгүү келечегин аныктоого мүмкүндүк берет, бул инновациялык билим берүү стратегияларын ишке ашыруу үчүн чоң мааниге ээ. 2018-2040 жылга чейинки кабыл алынган Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясында санариптик технологияларды б.а. жаңы маалыматтык - коммуникациялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу Мамлекеттин өнүгүшүнө зор түрткү берет деп белгиленген.

**Экинчи муктаждык – илимий-педагогикалык.** Билим берүүдөгү улам жаңыланып турган маалыматташуулар, технологиялар жана санариптик каражаттар дистанттык билим берүүнүн жаңы идеяларын пайда кылууда. Ар бир жаңылануууда пайда болгон педагогикалык идеялар маалыматташуунун мурунку теорияларына жана практикалык иштерине таянат. Билим берүүнү маалыматташтыруудагы негизги теориялык жана методологиялык

проблемалар боюнча изилдөөлөр чет элдик жана өлкөбүздүн бир катар окумуштууларынын эмгектерине таандык.

**Үчүнчү муктаждык – практикалык.** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында дистанттык окутуу технологиясын пайдалануу менен сырттан окуу формасы ишке ашып студенттерге билим берүү, тарбиялоо иштери жүрүп жатканы менен окуу жайларда окутуу технологиялары бир типтүү болбой ар бир жогорку окуу жайы өзүнүн дараметинче иш алып барып жаткандыгын өз практикабызда көрүп жатабыз. Жогорку окуу жайларда жаңы парадигмаларды эске алган окутууну уюштуруунун теориялык жана практикалык маанилерин изилдөө маселеси заманбап талап катары илимий ишибиздин акталдуулугун жаратты. Ошону менен бирге Кыргызстанда дистанттык билим берүүнүн теориясына жана практикасына багытталган илимий изилдөөлөр, методикалык иштелмелер жокко эсе экендигин байкадык.

**Анын негизинде төмөндөгүдөй карама-каршылыктардын бар экендигин аныктадык:**

- Жогорку билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо боюнча стратегиялар, программалар, билим берүү стандарттары, талаптар кабыл алынганы менен билим берүүнүн сапатынын төмөн болуп жаткандыгы;
- Республикабыздын жогорку окуу жайлары үчүн дистанттык окутуу технологиясын пайдалануу аркылуу сырттан окуу формасын ишке ашыруу зарылдыгы белгиленгени менен аралыктан билим берүүнүн, окутуунун бирдиктүү концепциясынын, программдык платформасынын жоктугу;
- Кыргызстанддын жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн колдонулуп жатканы менен анын теориясынын жана практикасынын жетиштүү негизделбегендиги, илимий жана методикалык жактан изилдөөлөрдүн жоктугу.

Ушул карама-каршылыктарды чечүү зарылдыгы биздин илимий ишибиздин төмөнкүдөй проблемасын белгилөөнү шарттайт: дистанттык билим берүүнүн илимий педагогикалык жоболору кайсылар? Аталган карама-каршылыкты жана коюлган проблеманы чечүү зарылдыгы биздин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аттуу диссертациялык изилдөөбүздүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн максаты -** Дистанттык билим берүүнү теориялык жана практикалык жактан негиздөө, педагогикалык системасын иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй милдеттер келип чыкты:**

1. Дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалына, проблемаларына талдоо жүргүзүү, ошону менен бирге дистанттык билим берүүдө IT технологияларды колдонуунун ордун жана ролун аныктоо;
2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, регламенттөөчү принциптерди аныктоо;
3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмунун аныктоо, дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды

колдонуунун педагогикалык шарттарын илимий негиздөө жана изилдөөнүн методдорун тактоо;

4. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруунун жолдорун аныктоо.

5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилерин изилдөө жана педагогикалык эксперимент аркылуу иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

1. Дистанттык билим берүүнүн пайда болу тарыхы жана проблемалары изилденди. IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү ролу, орду белгиленип илимий өбөлгөлөрү аныкталды.

2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздер аныкталды, окутуу жана тарбиялоо процесстерин регламентөөчү принциптери иштелип чыкты.

3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну аныкталып берилди. Ошону менен бирге дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып илимий жактан негизделди.

4. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыкты жана анын ар бир компонетине мүнөздөмө берилди.

5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип, методикалык системасынын эффективдүүлүгү реалдуу шарттарда текшерүүгө алынды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Изилдөөдө алынган натыйжаларды дистанттык билим берүүнү ишке ашырууда, илимий-теориялык жана прктикалык негиздерин аныктоодо пайдаланса болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү жөнгө салууга, аралыктан окутуунун теориялык жана методикалык мазмунун байытууга, практикалык маселелерди чечүгө мүмкүндүк түзөт. Изилдөөдө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу практикасында колдонууга болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Дистанттык билим берүү экономикалык жактан эффективдүү жана ийкемдүү болгондугуна байланыштуу барган сайын популярдуу болуп баратат. Бул инфраструктурага, транспортко, турак-жайга жана басма материалдарга кеткен чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берет. Билим берүү ресурстарынын масштабдуулугу жана кайра колдонулушу билим алууну адамдардын кеңири чөйрөсү үчүн жеткиликтүү кылат. Ошол эле учурда окуу процесстерин автоматташтыруу мугалимдердин эмгек чыгымдарын азайтат жана окуу процессин башкарууну оптималдаштырат. Жалпысынан, дистанттык билим берүү ресурстарды оптималдаштырууга жана сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жардам берген келечектүү модель болуп саналат.

**Диссертациянын коргоого коюулуучу негизги жоболору:**

1. Дистанттык билим берүү – бул санариптик технологияларды, онлайн ресурстарды жана интерактивдүү методдорду колдонуу менен географиялык жайгашкан жерине, графигине жана жаш курагына карабастан билим алууга жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берген окуунун заманбап, ийкемдүү жана жеткиликтүү формасы болуп саналат.

2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган концептуалдык негиздер жаңы маалыматтык технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу шартында дистанттык билим берүүгө тийиштүү түшүнүктөрдү, артыкчылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү камтыган илимий негизделген бир бүтүн система катарында кызмат кылат.

3. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы, дистанттык билим берүүнүн регламентөөчү принциптери, изилдөөнүн методдору дистанттык билим берүүнүн натыйжалуулугун арттырууга жана анын өнүгүшүнө шарт түзөт.

4. Дистанттык билим берүүнүн структурасы, мазмуну, жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары дистанттык билим берүүнү натыйжалуу уюштурууга жардам берет.

5. Коюлган максатка ылайык уюштурулган педагогикалык эксперименттердин жыйынтыктары иштелип чыккан илимий божомолдоолордун туура экендигин далилдейт. Ал эми дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери боюнча практикалык сунуштар жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн өнүгүшүнө таасирин тийгизет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

1. Дистанттык билим берүүнүн теориялык, практикалык маселелери жана анын изилдениш абалына анализ жүргүзүү менен анын билим берүүдөгү артыкчылыктары белгиленди. Дистанттык билим берүүнү өнүгүү тарыхы иликтенип, IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү орду жана ролу аныкталды.

2. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган концептуалдык негиздер иштелип чыкты. Дистанттык билим берүү процессин регламенттөөчү принциптер аныкталып мүнөздөмө берилди. Дистанттык билим берүүнү изилдөөнүн илимий методдору аныкталып ар бир методдун колдонулушу чечмеленип берилди.

3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну изилденип анын негизги компонеттери такталды, структурасынын схемасы иштелип чыгып ар бир компоненти чечмеленип берилди. Дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары иштелип чыкты.

4. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүгө тийиштүү теориялык-практикалык изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып анын ар бир компоненти чечмеленип берилди.

5. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгү эксперименталдык жактан текшерилип, колдонууга карата методикалык жана практикалык сунуштар берилди.

**Биринчи бөлүм** дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык маселелери деп аталып, мында изилдөөнүн *биринчи милдети* аткарылды.

**Экинчи бөлүм** "Дистанттык билим берүү боюнча изилдөөнүн методологиясы жана методдору" деп аталып, мында изилдөөнүн *экинчи милдети* аткарылды.

Бул бөлүмдө билим берүүнүн концептуалдык негиздери, дистанттык окутуу түшүнүгү жана концепциясы жөнүндөгү окумуштуулардын илимий педагогикалык изилдөөлөрүнө талдоолорду жүргүзүү менен биз, дистанттык билим берүүнүн аныктамасын бердик.

**Дистанттык билим берүүнүн концепциясы -** бул, аралыктан окутууга таасир этүүчү механизмдерди, шарттарды жана факторлорду түшүнүү үчүн теориялык жана методологиялык негиздерин талдоону жана иштеп чыгууну талап кылган татаал процесс. Дистанттык окутуу контекстинде концептуалдык негиз санариптик чөйрөдө билим берүү процессин терең талдоо, ошондой эле аны оптималдаштыруу боюнча сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берүүчү таяныч материалдарын жана изилдөө ыкмаларын иштеп чыгууга багытталат.

**Дистанттык билим берүүнүн концепциясынын максаты** – дистанттык билим берүүнү теориялык жана практикалык жактан илимий негиздөө.

**Үчүнчү бөлүм** дистанттык билим берүүнүн теориялык маселелери деп аталып изилдөөнүн *үчүнчү жана төртүнчү* милдеттери аткарылды.

Мында дистанттык билим берүүнүн структурасы, мазмуну, методикалык системасы жана дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары изилденди.

**Төртүнчү бөлүм** дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери деп аталып мында изилдөөнүн *бешинчи милдети* аткарылды.

Изилдөөдө дистанттык билим берүү максатта Web сайттарды түзүү жана пайдалануу технологиясы менен аралыктан билим берүүнүн программдык башкаруу системасын уюштуруу жана иштетүү технологиялары кеңири каралды.

**Педагогикалык экспериментти уюштуруунун максаты** биз изилдеген дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык негиздердин тууралыгын, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгүн текшерүү болуп саналат.

Педагогикалык эксперименттин максатына ылайык төмөндөгүдөй *милдеттер аныкталды:*

1. Дистанттык билим берүүгө карата даярдык иштерин уюштуруу.
2. Иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгүн аныктоо.
3. Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруу жана сунуштарды берүү.

Көңүл бурганыңыздарга Рахмат!

**СУРООЛОР:**

**Отурумдун төрайымы:** доклад бүттү. Суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Профессор Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** Менде тактоо ирээтинде суроом бар, сиздин ишиңиздин илимий-теориялык негиздери кайсы жерде, концептуалдык негиздериңиз кайсы жерде?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Диссертациялык ишибиздин концептуалдык негизи катары 7 багытты белгилеген: 1. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык негиздери; 2. Дистанттык билим берүүнү уюштуруу моделдери жана методдору; 3. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы; 4. Дистанттык билим берүүнүн технологиялык аспектилери жана санариптик инструменттери; 5. Дистанттык билим берүүдөгү баалоо жана контролдоо; 6. Дистанттык билим берүүдөгү социалдык-психологиялык факторлор; 7. Дистанттык билим берүүдө мониторинг жүргүзүү. Бул концептуалдык негиздер биздин диссертациялык изилдөөбүздө ишке ашырыла турчу багыттар болуп саналат. Ал эми бул багыттардын чечмелениши, педагогикалык изилдөөлөр, талдоолор, теориялык материалдар, методологиялык изилдөөлөр ишибиздин теориялык негизин түзөт.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** Сиздин макалаларды окуп жүрөм, көбүнчө технологияга басым жасайсыз менде суроо, бүгүнкү күндө дистанттык билим берүүгө кандай жаңы технологияны сунуштайсыз?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Абдан маанилүү суроо бердиңиз, диссертациялык изилдөөбүздүн практикалык бөлүгүн дистанттык билим берүүнү ишке ашыруучу санариптик платформалардын прикладдык аспектилерин изилдөөгө арнаганбыз. Бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүүдө биз дүйнөлүк практикада колдонулуп жаткан билим берүүнү башкаруу LMS системалары менен Ата-мекендик IT компаниялар тарабынан иштелип чыккан программдык каражаттарды салыштырып, алардын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөттүк. Бул багытта жүргүзгөн талдоолорубуздун натыйжасында биз, LMS Moodle билим берүүнү башкаруу системасы дистанттык билим берүүгө эң оптималдуу технология экендигине ынандык жана бул программаны колдонууну сунуштадык. Бул система аралыктан билим берүүнү башкаруу жана окутуу багытында эң көп функцияларды камтыйт, мүмкүнчүлүктөрү кеңири. Эң негизгиси бул технологияда мугалим иштей билиш керек.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** Сунуш ирээтинде дагы бир суроом бар, бүгүнкү күндө Кыргызстандын жогорку окуу жайларында кош диплом берүү иштери практикаланууда. Ошондой кош дипломдук ишти ишке ашырууда дистанттык технологияны колдонуп окутууга мүмкүнбү, эгер мүмкүн болсо биздин университет дагы алыскы чет өлкөлүк окуу жайлар менен келишим түзүп кош диплом берүүнү ишке ашырсак болобу.

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Рахмат сурооңузга, биз диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында Кыргызстандын бир катар жогорку окуу

жайларындагы санариптик технологияларды колдонуп аралыктан билим берүү ишмердигин уюштуруу процессин иликтегенбиз. Иликтөөлөрдүн жыйынтыгында айрым жогорку окуу жайларда аралыктан окутуу технологияларын колдонуп окутуу, натыйжада кош диплом берүү иштери акыркы жылдары ишке аша баштадыгы белгилүү болгон. Бүгүнкү күндө бул багытта Салымбеков университетинде, Кыргызстан Эл аралык университетинде, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук университетинде ишке ашырыла баштады. Биз дагы бүгүнкү күндө Казахстандагы академик А.Кубатбеков атындагы эл достугу университети менен кош диплом берүү келишимин талкуулап жатабыз. Келишимде дистанттык билим берүү технологияларын колдонуп окутуу сунуштары каралган, муну ишке ашырсак болот анткени биздин университеттин мүмкүнчүлүгү жетиштүү деп ойлойм.

**Умарова М.У. э.и.д., доцент:** Доктордук диссертацияда концепция болуш керек экен, мурдагы диссертацияларда буга көп маани берилчүү эмес. Сенин диссертацияңда концепция, концептуалдык негиздер боюнча абдан жакшы изилденип берилиптир. Менде мындай суроо, ушул концепцияны өзүнчө бир бөлүм катары берсе болот беле деген суроо?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Диссертациябыздын 2-бөлүмүнүн биринчи параграфты *“Дистанттык билим берүүнүн концептуалдык негиздери”* деп аталып негизи өзүнчө бөлүп караганбыз. Ал жакта концепция түшүнүгү, педагогикалык концепция жана концепция боюнча окумуштуулардын талдоолору кеңири берилген. Ошол параграфта Дистанттык билим берүүнүн концепциясы деп киргизгенбиз. Ал эми өзүнчө бир бөлүм катары бөлүп карганга болбойт деп ойлойм, себеби бул параграфта аныкталган концептуалдык багыттар биздин диссертациялык изилдөөбүздө аткарыла турчу багыттар болуп эсептелет.

**Байсеркеев А.Э. п.и.д., доцент:** Диссертацияда аныкталган дистанттык билим берүүнү регламенттөөчү принциптер өзүңөрдүкүбү?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Диссертациялык изилдөөбүздө сунушталып жаткан дистанттык билим берүүнү регламенттөөчү принциптер биз тараптан аныкталып, сунушталды. Бул принциптер дистанттык билим берүүнү ийгиликтүү ишке ашырууга жана сапатын жогорулатууга жардам берет. Бул принциптер педагогикалык негизги принциптерге таянат. Ар бир принциптин мазмуну жана колдонулушу диссертацияда толук чечмеленип берилген.

**Джаркимбаева Ч.Т. п.и.к., доцент:** Дистанттык билим берүүдө, традициялык билим берүүдө сапат жагынан айырма болобу. Окутуунун натыйжасы кандай болот?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Дистанттык билим берүү технологияларын колдонуп окутуу менен традициалык негизде, б.а. аудиторияда окуттуудан алынган натыйжалардын айырмачылыктары болот бирок, ал мугалимдин ишмердигине байланыштуу. Эгер мугалим санариптик технологияларды туура колдоно билсе, анын окуу методикалык ресурстары бай болсо, сабакты уюштура билсе, кайтарым байланыштарды, өз алдынча иштерди жүргүзө алса анда окутуунун натыйжасы, жыйынтыгы дагы жогору болот. Биздин изилдөөбүздө сунушталган методикалык системаны колдонуп окутуудагы

натыйжалардын жыйынтыктарынын жакшы болушуна мына ошол экспериментке катышкан мугалимдердин даярдыгы көп таасир берди. Методикалык система эффективдүү иштеши үчүн алгач мугалимдерди окуудан өткөрүп даярдадык, окуу методикалык комплекстерди, электрондук ресурстарды даярдадык ж.б.у.с. иштер жүрдү. Дагы бир жакшы жагы, дистанттык билим берүү технологиясын колдонуп сырттан окугандардын көпчүлүгү иш ордунда, өндүрүштө иштеп окугандар, алардын алган билимдери бышык жана натыйжасы жогору болот.

**Отурумдун төрайымы:** дагы суроолор барбы? Менде илимий жаңылыгы деген жерде тактоо ирээтинде сурагым келип жатат. *Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип, методикалык системасынын эффективдүүлүгү реалдуу шарттарда текшерүүгө алынды* деген илимий жаңылык катары киреби?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Ооба кирет, себеп дегенде биз диссертациялык ишибиздин практикалык изилдөө багытын ошол санариптик платформалардын прикладдык аспетилерин аныктоого, анализдөөгө арнадык. Санариптик платформалардын дистанттык билим берүүдө колдонуу өзгөчөлүктөрүн белгиледик. Дистанттык билим берүүдө колдонууга ийкемдүү жана ылайыктууларын тариздеп сунуштадык. Айрым платформалардын иштөө, колдонуу технологиясын ачып жаздык. Ал эми дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын биз, теориялык жактан иштеп чыгып сунуштап кана койбостон анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жол менен текшерип, ар бирине мүнөздөмө берип жазып чыктык.

**Отурумдун төрайымы:** башка суроо жокпу, анда илимий кеңешчисине сөз берелик. Сөз илимий кеңешчиси, педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаев Салидин Кадыркуловичте

**Калдыбаев С.К. п.и.д., профессор**: Урматтуу төрайым, урматтуу жыйындын катышуучулары! Мен Ибраев Алмазбек Дүйшөковичке өзүмдүн оң пркиримди бердим, изденүүчү Кыргыз Республикасында дистанттык билим берүүнүн проблемаларын иликтөө боюнча 15 жылдан ашык убакыттан бери эмгектенип келүүдө. Алгач ал дистанттык билим берүүнүн Кыргызстандагы абалы тууралуу, бул багыттагы пайда болуп жаткан проблемалар тууралуу иликтөө жүргүзүп, бир нече илимий конференцияларда докладдарды жасап, макалаларын илимий журналдарга жарыялады. Кийин, бул проблеманы терең изилдөө максатында "Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы" деген темада докторлук темасын бекитип, теориялык жана эксперименталдык иликтөөлөрдү жүргүзүп келди.

Дистанттык билим берүүнүн Кыргызстанда жана чет элде изилдениш абалын иликтеп чыкты, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндө дистанттык билим берүүнүн абалын жана проблемаларын аныктап чыкты. Анын негизинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө дистанттык билим берүүнү уюштуруунун концепцисын иштеп чыгып, анын методологиялык, теориялык негиздерин аныктады. Бул багытта ал дистанттык билим берүүнүн проблемасын изилдөөнүн методдорун тактап чыкты, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгып, ар бир

компонентине өзүнчө иликтөөлөрдү жүргүздү. Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттарын дүйнөлүк илимий жетишкендиктерди эске алуу менен аныктап чыкты.

Дистанттыки билим берүүдө колдонулуучу программдык жабдылыштарды анализдеп, Moodle жана AVN платформаларынын арасында салыштыруу жүргүзүп, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктады. Дистанттык билим берүүнү практикалык ишке ашырууга арналган методикалык системанын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө иликтеп, Кыргызстандын үч жогорку окуу жайында апробациядан өткөрдү. Кыргызстандагы дистанттык билим берүүнүн проблемаларын иликтөө боюнча ал 40 ка жакын илимий эмгектерди ата-мекендик жана чет элдик илимий журналдарда жарыялады. Анын ичинде эки макаласы Скопус базасына кирген илимий журналдарда жарыяланды.

Алмазбек Дүйшөкович Ибраев докторлук диссертациясында коюлган максат аткарылды, коюлган милдеттер толугу менен чечилди.

Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин “Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы” аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча диссертациясы бул проблема боюнча актуалдуу маселенин чечилишин камтыган илимий эмгек болуп эсептелет. Бул диссертациялык иш дистанттык билим берүүнүн өнүгүшүнө маңыздуу салым кошот жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаны ыйгаруу тууралуу жобосунун талаптарына жооп берет. Анын автору Ибраев Алмазбек Дүйшөкович 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгарууга татыктуу. Баардык катышуучуларга, рецензенттерге терең ыраазычылык билдирем, рахмат.

**Отурумдун төрайымы:** Рахмат Сизге да! Илимий кеңешчинин пикирин уктук. Эми кийинки сөздү рецензенттерге берели, рецензенттер онлайн режиминде катышып жатат.

Биринчи рецензент, п.и.д., Казахстан Республикасынын, Алматы шаарындагы Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу кафедрасынын профессорунун м.а Камалова Гульдина Большевиковнага, анда сөз сизде.

**1-рецензент. Камалова Г.Б. п.и.д., доцент**:

Докторская диссертация «Теория и практика дистанционного образования» Ибраева Алмазбека Дуйшоковича соответствует шифру педагогических наук 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (Информатика и информатизация образования)

**Актуальность темы диссертации.** Тема исследования отражает современные тенденции в сфере образования, связанные с цифровизацией и необходимостью адаптации образовательных систем к новым вызовам.

Дистанционное образование, рассматриваемое в работе, представлено как ключевой инструмент обеспечения доступности и качества обучения в условиях глобализации и цифрового неравенства. Актуальность диссертации подтверждается отсутствием в Кыргызстане единой концепции и стандарта дистанционного обучения, что требует глубокого научного анализа и разработки методических основ.

Диссертационная работа насыщена технологическими задачами, в современную эпоху глобализации и цифровизации, она направлена на определение текущего состояния этих процессов, путей реализации, направлений дальнейшего развития путем анализа процесса дистанционного образования в высших учебных заведениях Кыргызской Республики, с научной, теоретической и практической точки зрения. Актуальность рассматриваемой диссертационной работы связана с совершенствованием дистанционного образования высших учебных заведений Кыргызской Республики, повышением его качества, реагированием на технологические трансформации, характерные для глобального образовательного пространства.

Исследование состоит из четырех разделов, которые включают теоретические и практические вопросы дистанционного образования, методологию исследования, методы, концептуальные основы дистанционного образования, принципы регулирования дистанционного образования, структуру и содержание дистанционного образования, педагогические условия использования новых информационных технологий в дистанционном образовании. Предлагаемая методическая система дистанционного образования (педагогический модель) включает экспериментальные работы по определению эффективности системы.

Диссертационная работа логически и методологически упорядочена, написана с учетом современных теоретических и практических достижений педагогической науки и их отражения в пространстве высшего образования Кыргызстана. С этой точки зрения заметно, что тщательно проанализировали исследования и научные данные, связанные с этой темой. Диссертационная работа написана в научном стиле и формализована на высоком уровне.

В целом диссертационную работу можно рассматривать как завершенную, самостоятельную научно-теоретическую и практическую работу, направленную на определение путей совершенствования и цифровизации сектора высшего образования Кыргызской Республики.

Выполненная работа демонстрирует высокий научный уровень диссертационного исследования, соответствие актуальным вызовам в образовании и значимость для педагогической науки. Разработанная методическая система дистанционного обучения представляет собой ценный

инструмент, способный существенно повысить качество образовательного процесса.

**Рекомендация:** Диссертация Ибраева Алмазбека Дуйшоковича соответствует требованиям, предъявляемым к докторским исследованиям, и рекомендуется к публичной защите.

**Отурумдун төрайымы:** Рахмат Сизге да Гульдина Большевиковна! Сиздин Рецензенттин пикирине кандай оюңуз бар Алмазбек Дүйшөкович?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Саламатсызбы Гульдина Большевиковна, биздин диссертациялык ишибизди, авторефератты дыкат, терең карап чыгып жогору баа бергениңиз үчүн сизге терең ыраазычылык билдиргим келет. Сиз белгилеген мүчүлүштүктөрдүн баарын карап чыгып, колдон келишинче мүнкүн болгондорун кошконго аракет кылабыз жана кийинки изилдөөлөрдө эске алабыз.

**Отурумдун төрайымы:** кийинки рецензент педагогика илимдеринин доктору, Федорова Галина Аркадьевна, Омск педагогикалык университетинин “Информатика жана информатикага окутуунун методикасы” кафедрасынын профессору.

Анда сөз кийинки рецензент Федорова Галина Аркадьевнада.

**2-рецензент. Федорова Г.А. п.и.д., профессор:**

**1. Актуальность исследования.** Тема исследования отражает современные тенденции в сфере образования, связанные с цифровизацией и необходимостью адаптации образовательных систем к новым вызовам. Дистанционное образование, рассматриваемое в работе, представлено как ключевой инструмент обеспечения доступности и качества обучения в условиях глобализации и цифрового неравенства. Актуальность диссертации подтверждается отсутствием в Кыргызстане единой концепции и стандарта дистанционного обучения, что требует глубокого научного анализа и разработки методических основ.

**2. Научная новизна**. Научная новизна работы подтверждается следующими достижениями:

- Разработаны концептуальные основы дистанционного образования, включающие теоретические и практические аспекты.
- Определены структура и содержание дистанционного образования, а также педагогические условия для внедрения новых технологий.
- Предложена оригинальная методическая система дистанционного обучения, адаптированная для высших учебных заведений Кыргызской Республики.
- Эффективность предложенной системы подтверждена через педагогический эксперимент, что свидетельствует о её практической применимости.

**3. Практическая значимость**

Практическая значимость диссертации состоит в её ориентации на улучшение образовательных процессов. Результаты исследования могут быть использованы для:

- Внедрения новых форм дистанционного обучения в образовательные учреждения.
- Подготовки преподавателей к работе с цифровыми инструментами.
- Разработки образовательных платформ и ресурсов, соответствующих современным стандартам.
- Экспериментальные результаты демонстрируют значительное повышение уровня знаний и навыков студентов, что подчёркивает прикладную ценность разработанной методической системы.

**4. Структура и содержание работы.** Диссертация имеет логичную структуру, состоящую из введения, четырёх глав, выводов, рекомендаций и приложений. Первая глава посвящена анализу теоретических основ дистанционного обучения. Во второй главе представлены методология и методы исследования. Третья глава включает разработку методической системы и педагогических условий дистанционного образования. Четвёртая глава содержит результаты экспериментальной проверки предложенной системы. Структура работы способствует ясному и последовательному раскрытию темы.

**5. Достоинства работы.** Комплексный подход к исследованию проблемы, включающий теоретические, методологические и практические аспекты. Успешное применение современных методов педагогического эксперимента. Высокая степень апробации результатов, представленных в около 50 публикациях, включая монографии и статьи в международных журналах. Оригинальность методической системы, способствующей повышению качества дистанционного обучения.

**6. Замечания и рекомендации**

- Требуется детализировать сравнение предложенной системы с международным опытом для выявления её конкурентных преимуществ.
- Следует уделить больше внимания анализу социальных и психологических барьеров при внедрении дистанционного обучения.
- В работе мало раскрыты механизмы адаптации предложенной методической системы для средних школ и колледжей, что могло бы расширить её применение.
- Стоило бы дополнить анализ экономической эффективности дистанционного образования конкретными статистическими данными и расчётами.

**7. Заключение.** Автореферат демонстрирует высокий научный уровень диссертационного исследования, соответствие актуальным вызовам в образовании и значимость для педагогической науки. Разработанная методическая система дистанционного обучения представляет собой ценный инструмент, способный существенно повысить качество образовательного процесса.

**Рекомендация:** Диссертация Ибраева Алмазбека Дуйшоковича соответствует требованиям, предъявляемым к докторским исследованиям, и рекомендуется к публичной защите.

**Отурумдун төрайымы:** Спасибо, Галина Аркадьевна!

Рецензенттин пикирине кандай оюңуз бар Алмазбек Дүйшөкович?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.:** Здравствуйте, Галина Аркадьевна! Хочу выразить Вам искреннюю благодарность за тщательное и внимательное рассмотрение автореферата диссертации, а также за высокую оценку проделанной работы. Позвольте ответить на Ваши замечания:

- Мы принимаем все ваш замечаний и предложений. Сравнение с международным опытом будет детализировано путём анализа аналогичных систем дистанционного обучения, применяемых в США, Финляндии и Великобритании.
- В исследованиях мы рассматривали значимости педагогической поддержки при переходе на дистанционное обучение.
- Механизмы адаптации методической системы дистанционного образования для средних школ и колледжей планируется рассмотреть в рамках последующих этапов исследования, что, на наш взгляд, позволит расширить сферу её применения.
- Экономическая эффективность дистанционного образования в нашей работе рассматривается на основе сопоставления затрат на традиционное и дистанционное обучение, расчётов показателей окупаемости, а также анализа потенциальных бюджетных выгод.

**Отурумдун төрайымы:** Рецензенттердин пикирлерин уктук. Эми талкууга өтөлү. Кимде, кандай сунуш бар.

**СУНУШТАР:**

**Байсеркеев А.Э. п.и.д. доцент**: **-** Алмазбек Дүйшөкович сизге ийгилик, сиздин изилдөөлөрүңүз менен мурдатан бери таанышпыз. Өтө натыйжалуу, жакшы жыйынтык бере турган илимий иш деп алдын ала айтып кетсем болот. Алынган натыйжалар практика түрүндө иштеп жаткандыгы жакшы жыйынтык деп эсептейм. Ошол практикалык иштин бир форматын Эл аралык Кувейт университети дагы колдонуп жатат. Мындан үч жыл мурун изденүүчү бул жакта иштеп калды, изилдөөнүн методикасын, методологиясын киргизип дистанттык билим берүүнү баштадык эле, иш аракет өзүнүн натыйжасын берип мурда башында сырттан окуу формасында 25 эле студент билим алса, азыркы учурда 300 дөн ашуун студент дистанттык билим берүүдө окуйт. Бул илимий иштен алынган натыйжаларды, сунуштарды дагы колдонууну көбөйтөлүк деп турабыз. Эл аралык Кувейт университетине Жогорку кеңештин депутаты, “Билим берүү жана социалдык маселелер” боюнча комитеттин төрайымы келип кетти. Ошондо биз Республикалык деңгээлде бир

долбоорду ишке ашыралык деп сүйлөшүп, күтүп жатабыз бул долбоорду ишке ашырууда изденүүчү Алмазбек Дүйшөковичтин изилдөөсүндөгү кээ бир методикалык сунуштарды колдонолук деп жататбыз.

Автореферattын башында, карасаңар муктаждыктар: *социалдык-мамлекеттик; илимий-педагогикалык; практикалык* деп үч муктаждык белгилениптир. Диссертацияда ушул үч муктаждыктын чечилиши изилденип, жыйынтыктары берилип турат. Мына ошол жагынан караганда иш абдан жакшы жана чоң иш аткарылгандыгын көрүүгө болот. Сиз дагы Мария Умаровна концепция боюнча жакшы айттыңыз, мен ошол боюнча жооп даярдадым эле бирок, изденүүчү Алмазбек Дүйшөкович жооп берип койду. Теориялык негизи болуп жатат, педагогикалык шарттары, принциптери болуп жатат, анан ошолордун практикалык натыйжалары дагы болуп жатпайбы. Демек, концепция - койгон максатта белгилүү бир кадамдар аркылуу, технологиялар аркылуу натыйжаларды алуу болуп саналат.

Ал эми буга чейинки тактоо ирээтинде берилген суроолор диссертациялык иштин даражасын дагы көтөрөт деген ойдобуз, мен колдойм.

**Умарова М.У. э.и.д., доцент**: - Диссертация боюнча Ибраев Алмазбек Дүйшөкович чынында көп иш аткарды, алгач изденүүчү менен биз 2012-жылдан баштап дистанттык билим берүү процессин кантип уюштурабыз деп окуу жайларды кыдырып баштаганбыз. Изденүүчү К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетиндеги дистанттык билим берүүнү ишке ашыруу проблемасы боюнча ошол кезден эле баштаган. Билим берүү порталын мына ошол жактан жасаган, http://cdo.knau.kg деп азыр көрсөтүп кетти, ал портал азыркы күнгө чейин иштеп жатат. Андан кийин бул теманы бекитип, мына эми бүтүрүп коргоого алып чыгып жатат. Мындай алганда изденүүчү бул темада практикалык дагы, теориялык дагы толук изилдеп чыкты. Канчалаган жогорку окуу жайдын адистерине өзүнүн сунушун, жардамын берип келди. Мен колдойм, иш абдан жакшы толук бүткөн иш, мен экономист болсом дагы кафедра башчы катары дистанттык билим берүүдөгү педагогикалык проблемаларды, методикалык кемчилдиктерди билем. Мына ошол жогорку окуу жайларындагы дистанттык билим берүүдөгү проблемаларды, кемчилдиктерди жоюуга чоң салымын кошот деп ойлойм, ишти ачык коргоого сунуштайм, колдойм.

**Бабаев Д.Б. п.и.д.профессор:** – Мен дагы бир эки ооз пикир айтып койоюн, суроо бергенден кийин. Мен негизинен рецензенттердин пикирин колдойм, бул жумуштун жасалып жүргөнү боюнча мен дагы бир топ убакыттан бери маалыматым бар. Белгилүү бир деңгээлде мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, изилдөө боюунча туура багыт берилгендигине кеңешчиси Салидин Кадыркуловичке ыразычылык билдиребиз. Себеби учурда актуалдуу болуп жаткан, окуу процессине тиешелүү болгон, бүгүнкү күндөгү турмуш менен байланышкан проблемалар изилденип, каралса практикалык жактан чоң пайдасы болот экен, ошол өңүттөн алып караганда бул өзгөчө, бизге керектүү тема. Эч ким ойлогон эмес бир заматта жогорку окуу жайлары, мектептердин баарысы онлайн окууга өтүп калат деп. Пандемия учурунда көрдүк, ошол кезде өтө актуалдуу болуп технологияны колдонгонду билбеген агай

эжейлерибиз кайрадан окуп үйрөнүштү, ошол тажрыйбалар учурда дагы бекемделип жатат. Диссертация боюнча мындай сунуш бар, авторефератта дистанттык деген сөз көп кайталанып жатат, ошону арасынан башка сөздөр менен алмаштырып жазсаңар жакшы болот беле деген ой мисалы, “аралыктан” деген сыяктуу сөздөр менен. Себеби антиплагиаттан өткөргөндө ушул сөз көп айтылгандыктан пайыздык көрсөткүчкө таасирин берип калбайбы дегеним. Дагы сунуш катарында менин жеке пикирим, изденүүчү коргой турган диссертациялык кеңеш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ош мамлекеттик университети биргеликте түзүлгөн диссертациялык кеңеш болгондуктан, ошол окуу жайларындагы дистанттык билим берүү боюнча тажрыйбаларды диссертацияга кошсоңуздар жакшы болот деп ойлойм. Ал эми диссертация илимий жактан абдан жакшы негизделген иш болуптур мен негизинен колдойм жана колдоого чакырып кетем, рахмат.

**Отурумдун төрайымы:** Рахмат урматтуу талкуунун катышуучулары, дагы чыгып сүйлөөчүлөр барбы, эгер жок болсо анда изденүүчүнүн өзүнө сөз бересек.

**Отурумдун төрайымы:** Кандай пикириңиз, ойлоруңуз бар?

**Изденүүчү Ибраев А.Д.**: Урматтуу төрайым, урматтуу отурумдун катышуучулары жалпы бардыгыңыздарга рахмат! Сиздердин айткан сунуш-пикирлерди эске алып, диссертацияга толуктаганга аракет кылам. Атайы башка окуу жайдан бери келип катышып, диссертациялык ишти талкуулап, пикирлериңиздерди айтып бергениңиздер үчүн сиздерге дагы терең ыраазычылык билдирем.

Рецензенттерге дагы өзүмдүн ыраазычылыгымды билдиргим келет, убактыңыздарды бөлүп, онлайн режиминде катышып пикириңиздерди билдирип, өз бааңыздарды бергенниздер үчүн чоң рахмат демекчимин. Консультантым – Салидин Кадыркуловичке дагы терең ыраазычылыгымды билдирем!

**Отурумдун төрайымы:** Урматтуу жалпы катышуучулар! Негизинен иш боюнча маанай жакшы экендигин окудук, көрдүк, уктук. Эми жыйынтыктоочу бүтүмгө келели.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

**1. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

1.1. Изилдөө ишинде учурдагы актуалдуу проблема изилденген.

Акыркы жылдарда маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын тез өнүгүшү окуу процессин уюштурууга болгон мамилени олуттуу өзгөртүүгө алып келүүдө. Дистанттык билим берүү географиялык жайгашуусуна, убакытына жана физикалык чектөөлөрүнө карабастан билим алууга мүмкүнчүлүк берүүчү билим берүү системасынын маанилүү компоненти болуп калды. Дистанттык билим берүүнүн теориясын жана

практикасын изилдөөнүн актуалдуулугу санариптештирүү, ааламдашуу жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр менен байланышкан жаңы чакырыктарга билим берүү системасын адаптациялоо зарылдыгы менен шартталган. Заманбап шарттарда дистанттык технологиялар кеңири аудитория үчүн окутуу мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, алардын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн илимий жактан негизделген ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылат. Демек, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүндө дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык жактан изилденишине муктаждыктар (социалдык-мамлекеттик, илимий педагогикалык, практикалык) бар.

**2. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

**Изилдөөнүн максаты** - Дистанттык билим берүүнү теориялык жана практикалык жактан негиздөө, педагогикалык системасын иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалына, проблемаларына талдоо жүргүзүү, ошону менен бирге дистанттык билим берүүдө IT технологияларды колдонуунун ордун жана ролун аныктоо;
2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, регламенттөөчү принциптерди аныктоо;
3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмунун аныктоо, дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын илимий негиздөө жана изилдөөнүн методдорун тактоо;
4. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруунун жолдорун аныктоо.
5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилерин изилдөө жана педагогикалык эксперимент аркылуу иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**

3.1. Изилдөө иши илимий теориялык жана практикалык маселелерди чечүүгө багытталган жаңы изилдөө.

**3.1. Изилдөөдө келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү**

3.1.1. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ишенимдүү.

**3.2. Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү**

3.2.1. Маанилүү прикладдык маселелерди чечүүнү камсыз кылган, илимий жактан негизделген методикалык жана технологиялык эмгек.

**4. Изилдөөчүнүн жекече салымы:**

1. Дистанттык билим берүүнүн теориялык, практикалык маселелери жана анын изилдениш абалына анализ жүргүзүү менен анын билим берүүдөгү артыкчылыктары белгиленди. Дистанттык билим берүүнү өнүгүү тарыхы

иликтенип, IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү орду жана ролу аныкталды.

2. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган концептуалдык негиздер иштелип чыкты. Дистанттык билим берүү процессин регламенттөөчү принциптер аныкталып мүнөздөмө берилди. Дистанттык билим берүүнү изилдөөнүн илимий методдору аныкталып ар бир методдун колдонулушу чечмеленип берилди.

3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну изилденип анын негизги компонеттери такталды, структурасынын схемасы иштелип чыгып ар бир компоненти чечмеленип берилди. Дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары иштелип чыкты.

4. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүгө тийиштүү теориялык-практикалык изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып анын ар бир компоненти чечмеленип берилди.

5. Жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгү эксперименталдык жактан текшерилип, колдонууга карата методикалык жана практикалык сунуштар берилди.

**5. Изилдөөдө келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:**

5.1. Практикалык жактан баалуу.

Изилдөөдөн алынган натыйжаларды жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү, онлайн окутуу иштерин ишке ашырууда, илимий-теориялык негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында аралыктан окуттуу, санариптик сабаттуулукту калыптандыруу, билим берүү порталдарын, электрондук билим берүү ресурстарын түзүүнүн теориялык жана практикалык мазмунун, нормативдик базасын байытууга мүмкүндүк түзө алат. Изилдөөдөн алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү уюштуруу практикасында колдонууга болот.

**6. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши.**

6.1. Ылайык келет.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

7.1. Дал келет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ СУНУШТАР БЕРИЛДИ:

1. Диссертацияга тема боюнча Казак окумуштуулардын эмгектерин кошуу.

2. Авторефератка диссертациянын экинчи бөлүмүндөгү аткарылган иштер боюнча кеңири мүнөздөмө берүү.

**Отурумдун төрайымы:** Эл аралык Кувейт университетинин кеңейтилген отуруму Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун, жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темадагы педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча Эл аралык Кувейт университетинин кеңейтилген отурумунда талкууланган бүтүмү кабыл алынсын.
2. «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга арналган Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин диссертациялык иши толук аткарылып бүткөн жана докторлук диссертацияларга коюлуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берген иш деп эсептелсин.
3. Талкуунун жүрүшүндө айтылган сунуш, пикирлердин негизинде Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши ачык коргоого сунуш кылынсын.

**Отурумдун төрайымы: Бир добуштан кабыл алынды.**

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: “Макул” – бардыгы, “Каршы” – жок, “Калыс” – жок.

**Отурумдун төрайымы:**
**Педагогика жана колдонмо**
**информатика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** — **Машанова А.С.**

**Катчы** — **Сарыбаева С.А.**

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 02004199810135
Ф.И.О. / Аты жөнү Машанова А.С. Сарыбаева С.А.
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
Зав. ОК
Ф.И.О.
«27.01» 2025